# Үммөттү тартуу менен анын жетекчилигин колго алуунун ыкмасы

بسم الله الرحمن الرحيم

# Үммөттү тартуу менен анын жетекчилигин колго алуунун ыкмасы

Хизб өз жүрүшүндө Расулуллох ﷺ баскан жолду кадамма-кадам басып өтөт. Расулуллох ﷺдын Исламга жардам берүүдө вазири болгон жубайы Хадижа жана өз коомуна каршы жардамчы, коргоочу жана калкан болгон абакеси Абу Талиб дүйнөдөн кайткандан кийин Курайш тарабынан азарлар катуу күчөдү. Расулуллох ﷺ Сакийф уруусунан өз коомуна каршы нусрат жана коргоо издеп, Алла ва Азза ва Жалладан келген нерсени андан кабыл алууларынан үмүт кылып Тоифке чыкты. Тоифке барганда Сакийф уруусунун саййиддерине барып, аларды Аллага даъват кылды жана алар менен Исламды жаюуда ага жардам (нусрат) берүүлөрү, ага каршы чыккандар каршысында аны менен бирге туруулары жөнүндө сүйлөштү. Алар муну кабыл кылбай, абдан жаман көрүнүштө четке кагышты. Кайра Меккеге кайтты. Негизи, Курайш ага жана анын динине катуу каршы эле. Аз гана алсыз кишилер ыйман келтиришкен болчу. Расулуллох ﷺ хаж мезгилдеринде араб урууларына кайрылып, аларды Аллага даъват кылчу, өзүнүн пайгамбар экендигинин кабарын берип, алардан ушуну тастыктоону жана Алла жиберген рисаланы жеткирүү үчүн аны коргоого алууларын сурачу. Минада уруулар чатырларына келип, «Эй бани баланча, мен силерге жиберилген Алланын пайгамбарымын. Алла силерди жалгыз Өзүнө ибадат кылууга, Ага эч нерсени шерик кылбоого, Алланы коюп силер ибадат кылып жаткан буттарыңарды таштоого, мага ыйман келтирип тастыктоого, Алла мага жиберген рисалатты жеткиришим үчүн мени коргоого буйруйт», - дечү.

Алла Азза ва Жала өз динин көрсөтүп, Өз пайгамбары Мухаммад ﷺды азиз кылып, ага жардамчыларды даярдап

коюуну каалаган кезде, Расулуллох ﷺ хаж мавсумунда ансарлардын бир ннечесине жолукту жана алардан «силер кимсиңер» деп сурады. Алар «Биз Хазражданбыз» дешти. Пайгамбар : «Мени менен отуруп сүйлөшпөйсүңөрбү?» - деди. Алар макул болушту. Бирге отуруп сүйлөшүштү. Расулуллох ﷺ аларды Алла Азза ва Жаллага даъват кылды, аларга Исламды көлдөлөң койду, Курандан тилават кылып берди. Ошондо алар Расулуллох ﷺды тастыкташып, Исламды кабыл алышты. Андан соң: «Биз коомубузду өз ара душмандык абалында таштап келдик. Биздей бири-бирине жамандык жана душмандык кылуучу коом жок. Алла сиз себептүү биздин арабызды ынтымакташтырып койсо ажеп эмес. Биз кайтып барып аларды сиздин ишиңизге чакырабыз, биз сизден кабыл кылган ушул динди аларга да жеткиребиз. Эгер аларды Алла сиздин алдыңызга бириктирсе, сизден азиз киши болбойт», - дешти. Алар ыйман келтирип, тастыкташып, өз өлкөсүнө кайтып кетишти. Мадинага келишкен соң, аларга Расулуллох ﷺ тууралуу айтып беришти жана аларды Исламга даъват кылышты. Алардын арасында Ислам жайылды, ал тургай, Алланын дини кирбеген бир да үй калбады. Арадан бир жыл өтүп, хаж мавсуму келгенде, ансарлардан он эки киши Расулуллох ﷺ менен Акабада учурашты. Бу алгачкы Акаба эле. Алар Расулуллох ﷺга байъат беришти. Мадинага кайтмакчы болушканда аларга Куран окуп берүү, Исламды, фикх илимин үйрөтүү үчүн Мисъаб ибн Умайр ибн Хошимди жөнөттү. Мадинада Мисъабды «Каары» деп аташты. Алла анын колу менен жеңиш берип, Авс жана Хазраждын саййиддери Саъд ибн Убада, Усайд ибн Хузайр жана Саъд ибн Муаздар ыйман келтиришти. Алардын Исламы менен Мадина калкынын баары Исламга киришти. Аларды Ислам калыбына салуу үчүн Мисъаб ибн Умайр аларга Куран окуп берип, Исламды үйрөтчү жана фикх илиминен да таалим берчү. Алар анын айланасында топтолушуп, ага кайрыла

турган, ал талап кылган нерсени аткара турган болушту. Мисъабдын аларга таасири алардын башчыларын тартуу аркылуу болду. Мисъаб алардын ичинде бир жыл турду. Ошол убакыт ичинде алардын пикир жана туйгулары Исламга ылайыкташты. Алар Исламды жана Расулуллох ﷺды өз бооруна алышты. Исламды коргоо жолунда, анын пайгамбары жолунда, мусулмандарды коргоо жолунда жана Исламды рисала катары дүйнөгө алып чыгуу жолунда өздөрү ээ болгон бардык нерсени курман кылууга даяр болушту.

Жогорудагы сөздөрдөн бир нече иш айкын болот:

1) Расулуллох ﷺ – жубайы Хадижа жана абасы Абу Талиб дүйнөдөн кайтып, алсыздык абалы жана Курайш азарлары катуу күчөгөндө – нусрат талап кылууну баштады. Нусрат талап кылуу мурун кылынбаган жаңы иш эле.

2) Расулуллох ﷺ нусрат талап кылууда капырларга, күч-кубат ээлерине кайрылган. Бирок, ишти нусрат талап кылуудан баштаган жок, балким, аларга өзү Алла тарабынан жиберилген пайгамбар экендигин жеткирди, буттарды коюп жалгыз Аллага ыйман келтирүүнү жана өзү Алла тарабынан Ислам рисалаты менен жиберилген элчи экендиктерине ыйман келтирип тастыктоону талап кылды. Алар бул кишиге ыйман келтирип тастыктагандан кийин гана, Исламды бүткүл дүйнөгө рисалат катары алып чыгууда аларды өзүнө жардамчы жана коргоочу кылып алуу үчүн алардан нусрат талап кылды.

3) Расулуллох ﷺ нусрат талап кылууну баштаганда, жалаң гана нусрат талап кылуу ишине чектелген жок, балким, бул ишти мурун кылып жаткан даъватты көтөрүү ишине кошумча кылды. Мурунку бардык иштерин улантып, бул иштерге нусрат талап кылууну кошумча кылды.

4) Мадинада кээ бир кишилер ыйман келтиргенден кийин аерге Мисъаб ибн Умайрды жиберүүдө – Исламга жана пайгамбарга ыйман келтирген, Ислам коргоосу жана даъват

жолунда өлүмгө да даяр болгон – күчтүү пайдубалды курууну максат кылды. Ошондуктан, Мисъабды аларга Куран окуп, Исламды үйрөтүп, фикхтен таалим бериш үчүн т.а. аларды Ислам калыбына салуу ишин аткаруу үчүн жиберди.

Иш жүзүндө да ушундай болду. Мисъаб алардын башчылары Саъд ибн Муаз, Усайд ибн Хузайр, Саъд ибн Убаданы тарта алгандан кийин, алардын бардыгын Исламга тартып, Ислам пикирлери менен калыптандыра алды. Ал тургай, Ислам алардын мамилелерине кирди жана бардык межлистерине жана сөздөрүнө өкүмдар болду. Алар Исламды бүтүндөй өз бооруна алышты жана анын жолунда өлүмгө даяр болушту.

Амалда алар Аллага, расулуна жана динине жардам беришти, Алла аларды «Ансарлар» деп атады. Алардын жетекчилиги фикрий жана амалий жетекчилик болду. Ансарлар өздөрүнүн абройлору түшүрүлүшүнө, байлыктары сая кетишине карабай, Расулуллох ﷺга Ислам өкүмдөрүнө ылайык толук моюн сунуп, ал кишиге жардам берүүгө жана аны коргоого байъат беришкенден кийин, Расулуллох ﷺ Мадинага хижрат кылып, ал жерде мамлекетти тикеледи. Бул иш табийгый түрдө болду.

Хизб тафъул (Үммөт үстүнөн иштөө) доорунда эки жаңы жана оор ишке туш келди. Алардын бири: басылмалар жана байлануулар адамдарга таасир кылбай турган даражада коом жана үммөт хизб алдында катып калган эле. Экинчиси: жигиттерге карата азардын күчөшү жана хизбге басымдын артышы эле. Ошондо хизб сийратка кайрылды жана ушул эки ишке Расулуллох ﷺ да туш келгенин көрдү. Бул эки ишке туш келгенде Расулуллох ﷺ нусрат талап кылды жана өзү кылып жаткан даъватты жаюу амалына нусрат амалын кошту. Хизб да мына ушул ишти кабыл алып, нусрат талап кылуу таъмимин иштеп чыкты жана нусрат талап кыла баштады. Нусрат талап кылуудан эки

ишти көздөдү. Биринчиси: даъватты жаюуга мүмкүнчүлүк жаратуу. Экинчиси: Акимиятка жетүү.

1964-жылы Рим папасы Куддуска келип, аны мамлекеттештирмекчи болгондо хизб ага каршы баянат берип, адамдарды козгоп бул пикирге каршы жетектей алды.

Мына ушул убакта Иордания хизбди укту. Хизб ал жерде адамдарды саясий иште фикрий жана хиссий (пикир жана сезим жагынан) жетектей алды алды. Ошондо хизб Исламий жашоону кайта баштоо жана даъватты көтөрүү үчүн акимиятты алуу максатында өз ишин нусрат талап кылууга чектеди. Тафъул доорунда жана хизб нусрат талап кылуу ишин баштагандан кийин үммөт хизбдин пикирлерин, райларын жана гоясын (т.а. максатын) кабыл алышы үчүн хизб өз ишин үммөттү өз калыбына салууга каратты. Муну менен үммөт хизбди өз бооруна алсын жана башкарууну өз пикир жана райлары менен бир шаарды башкаруу сыяктуу деп билген хизб түшүнүгүнө ылайык, үммөттү фикрий жана хиссий башкарууда көрүнө турган амалий башкаруу мүмкүнчүлүгү болсун. Мындай амалий башкаруу хиссий башкаруу эле эмес, балким, пикирлер жана райлар менен башкаруу болуп саналат. Б.а. бирер амалда алардын пикирлерин шахстары менен бирге башкаруу болуп эсептелет. Анткени, Расулуллох ﷺдын жана Мисъабдын Мадинаны башкаруулары ушундай болгон.

Хизб бул баскычта эки багытты этибарга алды. Биринчиси – шахстар, экинчиси – үммөттө мабдага болгон умумий оммду (жалпы массаны) пайда кылуу. Элди башкаруу эрежесинин имараты ушуларга кирет. Себеби, элди башкаруу эрежеси калыпка салуу амалияттарынын бир бөлүгү жана анын натыйжаларынын бири.

Ошондуктан, хизб биз адамдарга пикирлерди көтөрүүдөн көздөгөн гояны амалга ашыруу үчүн Үммөттү тартиптөө басылмасын жана аймактар түзүмү услубун (ыкмасын)

койду. Бул гоя – адамдарды ошол пикирге көтөрүп, турмуш майданында ошол пикирлерди ишке ашыруу үчүн жетектөө. Мунун үстүнө Халифалык мамлекетин тикелөө бүткүл дүйнөгө уруш жарыялоо дегени. Демек, капырлар жана мунафыктар ага каршы жанаша турушат. Хизб мүчөлөрү канчалык көп болушпасын, алар тикелей турган мамлекеттин кубаты канчалык жетик болбосун – Үммөт алар сыяктуу ыйман келтирип, ошондой кайратта алар менен бирге жүрбөсө – мамлекетти коргоого кудуреттүү боло алышпайт. Бул мамлекетке каршы чыгуу дабааланышы керек болгон күнөө деп этибар кылынат. Демек, үммөт – хизбдин да, мамлекеттин да о.э. хизб пикирлеринин да коргоочусу. Исламды мамлекет жана хизб менен бирге даъват сыпатында бүткүл дүйнөгө үммөт көтөрүп чыгат. Хизб болсо жетекчиси гана болот. Жетекчиликти ишке ашыруу үчүн адамдарды хизб калыбына салуу зарыл. Хизб жетекчилиги астында белгилүү бир иштерди аткаруу үчүн адамдарды жетектей турган тартибат хизб үчүн зарыл. Ушуга ылайык, ал калкты башкаруу эрежеси имаратын жана рай оммду пайда кылуу үчүн аймактар түзүмүн пайда кылып, бул аймактар түзүмү оңой жана жеңил, чие эмес. Бирок, хизб бул иште ийгиликке жетишпеди. Калк танзимин пайда кылуу, аймактарды жетектөө, жетектеп турган жетекчилерди айланасына топтоо сыяктуу иштерди ишке ашыруунун узак мөөнөткө мүмкүндүгү болбоду. Негизи, хизб борборлошуу нуктасына жетип келген эле жана аймактар түзүмүнө өзгөртүүлөр киргизип, иштерди башкаруу таъмимин басып чыккан эле. Ушуларга карабастан, жигиттерди узак убакыт абдан олуттуу түрдө эээрчитүүгө аракет кылуу менен бирге, а түгүл, ушул күнгө чейин өзү күткөн натыйжага жетише албады. 1982-жылдан баштап биринчи жана экинчи уруштар ийгиликсиз болгондон кийин «Алланын икрому жакын» деген үмүт аны таштабаган абалда, хизбдин жана

аны менен бирге ынтызар болгон жигиттердин да сезимталчалары чыңалып калды. Бирок, бул үмүт жана ынтызарлык хизбди өзүнө кайтарып койду. Хизб жигиттерди хизбий амалдарга ээрчитүүдө уйкусурап калды. Натыйжада жигиттер Алланын жеңиши жакын деген үмүт менен амалдарды важып деңгээлде аткарууда суздашып калышты. Күтүү созулду. Күндөр, айлар, жылдар өттү. Жеңишке жетишүү кечикти. Алланын нусраты кечикти. Булардын натыйжасында айрым жигиттердин кайраты сынды. Айрымдарына үмүтсүздүк аралап кирди. Абал катты, аракет азайды, кайрат суз тартты. Кээ бир жигиттер эми хизбий амалдардан пайда жок дей баштады. Алар хизб ишинин бардыгы, башынан акырына чейин, пайда болгондон тээ кыямат күнүнө чейин адамдарга өзүнүн табанний кылган пикирлери жана райларын түшүндүрүү, этикат жана амал кыла турган өкүмдөрдү баян кылуу экендигин – унутушту же атайлап унутмаксан болушту. Бул анын Халифалыкты тикелөөдөн мурун да, тикелегенден кийин да кыла турган иши. Алар – Расулуллох ﷺ иш катуулаган убакта да, нусрат талап кылуу убагында да, андан мурун да даъват кылуудан, адамдарга жеткирүүдөн токтобогондугун – унутушту же унутканга урунушту. Мисъаб ибн Умайр Мадинага Куран окуп, Исламды үйрөтүп, диндеги фикх илимдерин таалим бериш үчүн жөнөтүлдү, ал тургай, Мадина калкын Ислам калыбына сала алды. Алардан Ислам мамлекети курула турган, Ислам, расулу жана даъватынын байрагы орнотула турган бекем пайдубал пайда кыла алды. Алар болсо муну унутушту. Үммөт ичинде иш алып барып, хизбдин пикир жана райларын ага сиңдириши жана бу пикир, райларды адамдардын кептерине жана межлистерине өкүмдар кылуусу нусрат амалдарын таасирдүүрөөк кылып, нусрат ээлери лаббей деп жооп беришин активдүү жана тезирээк кылып коёт. Ошондуктан, хизбий амалдарга этибар берүү жана аны

борборлошуу доорунда хизб амалы талап кылгандай аткаруу, абалдарда моюн сунула турган хизбий амалдарды аткарууда катаны четтеп өтүү зарыл.

Себеби, хизбий амалдар себептүү хизб жалгыз өзү жетекчи болушу үчүн, анын буйрук жана көрсөтмөлөрүнө баш ийип ишке ашыруу көрүнгөндөй, адамдар хизбдин пикир жана райларын кабыл кылгандыгы көрүнө турган амалий жетекчилик менен адамдарды жетектөөгө кудуреттүү болот. Анткени, Алланын нусраты жана икрому келиши жана Халифалык тикелениши үчүн нусрат амалдарын аткаруу үчүн да катадан четтенүү важып. Ушуну менен биз үммөттү калыпка салган болобуз, амалий жетектеген болобуз жана жер жүзүндө Алланын өкүмүн колдоно турган, «Лаа илаха иллаллох» байрагын бийик көтөрө турган, Исламды бүткүл дүйнөгө рисалат катары алып чыга турган Халифалыкты тикелеген болобуз.

Хизбий амалдарга этибар бериш калыпка салуу амалиятына этибар берүүнү, үммөттү амалий жетектей турган амалдарды аткарууну талап кылат. Аймактар түзүмү, үммөттү калыпка салуу үчүн коюлган калк танзими, эдик эрежени түзүү үммөт жетекчилигин амалий колго алуу көздөлгөн максатты жүзөгө чыгарбады. Ошондуктан, максатты жана үммөт жетекчилигин ишке ашырууга алып бара турган услубду коюу зарыл.

Ошондуктан төмөнкүдөй услуб коюлду:

**Биринчиден:** Мындай биринчи бөлүктөгү жигиттердин өз шаар-кыштактарында, же үй-бүлө, тууган-уруктары ичинде, же өз базарларынын соодагерлери арасында, же айылында кадыр-баркы жана таасири бар. Ошол жигиттердин ар биринин айланасында өз таасирин өткөрө ала турган, ортолорунда сый-урмат болгон кишилер бар. Бул жигиттердин ар бирине ошол кишилерди тартып, аларды жетектөө иши жүктөлдү.

Бул жигиттердин бирөөсүнө да адамдарды тартып жетектөө үчүн белгилүү бир мекен, белгилүү бир тарап жана белгилүү бир адамдар белгиленбейт, балким, аларга өздөрү таасир өткөрө ала турган адамдарды тандоо, мекен жана тарапты тандоо ыктыяры берилет.

Эгер бир жигиттин – өз шаары, кыштагы же айылында, же тууган-урук, жоро-жолдоштору ичинде таасири же кадыр-баркы бир нече жактан болсо, эгер ал кабыл алса – эки тарапта тең иш алып баруу берилет. Ыктыяр өзүндө болот. Таптакыр жүктөлбөйт, балким, бул иштерде жигитке ыктыяр берилет, анткени, жигит «тартып алып жетектөө мүмкүн» деп билген тарапта өзү ыраазы болуп иш алып барсын. Ар бир жигит өзүнө тартып жетектөө үчүн ага тапшырылган иштерди төмөнкүдөй тартипте алып барат:

1) Алардын ар бири өзүнө тапшырылган аймакта жашоочу, өзүнүн таасири жана урматы өткөн шахстар тууралуу айтып бериши суралат. Бу шахстар жашпы, карыбы, олуттуубу, соодагерби, интеллигентпи, көппү-азбы, баары бир. Ал өзүнүн таасирин өткөрө ала турган бардык кишилер тууралуу айтып бериши суралат.

2) Алар менен таанышуу, зыярат кылуу жана ушуга окшош услубдар аркылуу алар менен мамиле түзүү жөнүндө ойлонот. Аларды үйүнө чакырыппы, же түздөн-түз зыярат кылыппы байланышты бекемдейт, же болбосо, өздөрүнө белгилүү жолдор аркылуу алар менен байланышты бекемдөө үчүн жана зыяратты уланымдуу кылуу үчүн майрамдар жана тойлордон пайдаланат.

3) Ушундан кийин аларды хизбге жана пикирлерге майил кылуу жана аларды хизбге муаййид кылуу үстүндө иштейт. Максат аларды хизбге мүчө кылуу эмес, балким, хизбге достук мамиледе боло турган, аны колдой турган муаййид жана жардамчы кылуу.

4) Хизб пикирлери алардын пикирлерине айланышы үчүн жана алардын жардамы, колдоп-кубаттоолору пикирий

канааттануугa жана хизбге ишенүүгө ылайык болушу үчүн, аларды хизб пикирлери жана чыгарып жаткан басылмалары менен камсыздоону улантат.

5) Аларды тарткан соң, өздөрүнүн аймагы жана айылы калкынан өздөрүнө абзел деп билген кишини арасына киргизүүгө аракет кылат. Абзелин тартуу дегени – бул калгандарын тартуу дегени. Мисъаб ибн Умайдын Саъд ибн Убаданы, Саъд ибн Муазды жана Усайд ибн Хузайрды тартуусу Авс жана Хазражды тартууга алып барды.

6) Алардан ким тартылса, ал жана ага ээрчигендерден хизбге муаййид жана жардамчы болуу негизинде убада жана ахд алынат. Анын муаййид жана жардамчылардан болгондугу сезилет жана мүмкүн болушунча ага жардам берүүгө аракет кылынат. Бул нерсе башка муаййид жана жардамчыларды тартууга себеп болот. Аларды тартууга жана ылайыктуу услуб, тартибаттар менен алардан убада жана ахд алууга кудуреттүү болгон кишини иштетип, жардамга муктаж болушу мүмкүн болгон иштерде жардам берүүгө аракет кылынат.

7) Жигит өзүнө берилген аймак калкынын иштерин башкарууга жана алардын кызыкчылыктарын жүзөгө чыгарууга аракет кылат. Ушул иштерде өзүнө алардан таанымал, урматы бар кишилерди шерик кылууга аракет кылат, бу нерсе алардын таанымал, этибарлуу кишилерди да, аймак калкын да, алардын жетекчилигин да тартуу услубдарынын бири болот.

Ушул жети нуктада келген нерселерге кошумча, ар бир жигит абройлуу кишилерди тартуудан тышкары, түздөн-түз тартуу үчүн өз шаары, кыштагы, үй-бүлөсү, айылы же базары, чөйрөсү же уюмундагы шахстар арасына сиңип кетиши керек. Ал өзүнүн бул иштеринде аларга пикир жана райларды берип, талкуулашып жатканда жана бул пикирлерди учурдагы абалга жана окуяларга ылайыкташтырып берип жатканда хизбдин пикир жана

райларын аларга жүктөөгө аракет кылат, мунун менен алар хизбдин пикир жана райларын кабыл алып, хизб калыбына ылайыкташып калышат, аларды тартуу жана жетекчилигин алуу табийгый болот. Ошондуктан, хизб чыгарып жаткан басылмалар же пикир жана райлар, же мындан башка нерселер менен аларды ар дайым камсыздап туруу зарыл.

**2.** Бул бөлүк калган жигиттерден түзүлөт. Бул жигиттердин ар бирине иштөөлөрү үчүн өздөрү тандаган мекен, тарап жана адамдар тапшырылат. Бул өзү жашап жаткан айылда же бир базарда болобу, же жашаган жайында, өзү амал кылып жаткан жайда же башка жайларда болобу, баары бир. Бирок, шыктануу жана ыктыяр менен болушу үчүн жигиттерге белгилүү бир тарап же мекен сунушталбай өз ыктыярына коюлат. Белгилүү бир мекен, тарап же адамдарга чектелбей, алардын байлануулары ачык болушун аларга тапшыруу жайыз. Аларды базарлардын бир тарабына мажбурлоого эмес, балким, багыттандырууга аракет кылынат. Биринчи бөлүктүн жигиттери өздөрү кылып жаткан бардык иштеринде жүргөнү сыяктуу, бул жигиттердин ар бири өзү тандаган мекен жана тараптарды тартып жетектөө үчүн аракет кылат. Ар бир жигит өзү тандаган жана ишеничин алган мекен жана тарапта башкаларды тартууга жардам бере турган белгилүү бир шахстарга борборлошууга аракет кылат. Тартууну каалаган кишилерди өзү тандаган жайда же тарапта зыярат кылуусу шарт эмес, балким, өз үйүндө же алар турган жайларда, же өзү тандаган жай жана тараптан тышкарыда зыярат кылуусу мүмкүн.

**Экинчиден:** Жергиликтүү жихаздар ар бир жигиттин жана ага бермекчи болгон жай, тарап жана адамдардын вакыйлыгын билгенден кийин, алар ыктыяр кылган жайларга аларды бөлүштүрүү, тартуу ишин тапшыруу жана жетекчилик ишин тапшыруу менен алектенет.

**Үчүнчүдөн:** Халка жигиттери үчүн түздөн-түз халка мушрифтери жооптуу. Ар бир мушриф өзүнө берилген халка жигиттери үчүн түздөн-түз жоопкер. Адамдарды тартып жетектөө ишин аткарабы, жигиттерге берилген жай жана тарапта иштешеби, халка мушрифтери мына ушул иштерге жоопкер.

**Төртүнчүдөн:** Адамдарды тартып жетекчиликти алуу ишин аткарып жатканда жигиттерди күзөтүп туруу важып болот. Күзөтүү төмөнкүдөй калыпта болот:

1) Вилаят өз жергиликтүү (махаллий) жихазы аркылуу жигиттерди күзөтөт. Вилаят зарыл деп билсе, мушриф жана жигиттер менен түздөн-түз байланат.

2) Жергиликтүү жихаздар жигиттердин иштерин халка мушрифтери аркылуу күзөтөт. Мушрифтер жергиликтүү жихаз мүчөлөрүнө бөлүнүшөт. Жергиликтүү жихаз көрсөтмөлөр, багыттар бергениндей, иштердин вакыйлыгынан кабардар болуп туруу үчүн, жигиттер менен түздөн-түз байланат. О.э. эгер зарыл деп билсе, жигиттер менен жүрөт.

3) Халка мушрифтери өз халкасынын жигиттеринин иштеринен кабардар болуп туруу үчүн түздөн-түз күзөтүшөт жана алар менен ушул иште талкуу жүргүзүшөт. Аларга жолдонмолор, кайраттандыруулар беришет жана эгер зарыл деп билсе же жигиттер талап кылышса, адамдар менен байланууда алар менен бирге жүрөт.

**Бешинчиден:** Максаттуу жандуу байлануулар үстүндө борборлоштурууга кошумча, калыпка салуу амалын аткаруу жана рай жана пикирлер үстүндө рай оммду пайда кылуу үчүн төмөнкүдөй иштер аткарылат:

1) Вилаят кыядаттан келген басылмаларды таркатат.

2) Вилаят кырдаалдарга караган абалда, пикир жана райларды же чечимдерди, же бирер пикир жана райга соку берүүнү, же күндөлүк жергиликтүү абал жана окуялар чечимин өз ичине алган басылмаларды басып чыгарат.

3) Вилаят бирер пикир жана райды, же пикир жана райга соку берүүнү кырдаалга караган услубда өз ичине ала турган 5-10 саптан турган кичине баракчаларды басып чыгарып, таркатат.

4) Бирер пикир жана райлар менен, же чечимдер менен, же бирер пикир жана райларга сокку берүү үчүн, же иштердин моюн сунулуучу чечимдери үчүн «хамалатул хамс» (т.а. шыбыр чабуулдары) коюлат. Базарларда жана эл көп жайларда «хамалатул хамс» менен басылмалар, баракчалар жана сөз таркатууну көбөйтүүгө этибар кылынгандай – басылма, баракча же «хамалатул хамс» чыгарылбастан узак убакыт өтүп кетпешине этибар кылынып – ар бир жигит буга кошумча өзүнө тапшырылган мекен жана тарап менен байлануу ишин аткарат.

Алтынчыдан: Маанилүү басылма жана баракчаларды таркатууга кошумча түрдө, анда келген пикирлер менен адамдарга байлануу жана талкуулашуу о.э. анда келген пикирлерди кабыл алууга канааттандырып, анын талабына амал кылууга үндөө үчүн услубдар коюлат.

Жетинчиден: Институт, университет жана медреселердин студенттери сыяктуу жандануусу жана кабыл алуусу тез болгон жайларга борборлошулат жана ал жерди тартып, жетекчиликти ала турган кишилер ал жерге хос кылынат. Ар бир институт, факультет, медресе же бирикмеде аерди тартып, жетекчиликти алуу үчүн ошол жерликтерден бир жихаз пайда кылууга жана бардык чыгарылып жаткан басылма жана баракчаларды жеткирип берүүгө аракет кылынат.

Сегизинчиден: Аксакалдарды жана кадыр- барктуу адамдарды тартууга жана аларды дарс жана кайрылууларда чакырылмакчы болгон пикир, рай жана чечимдерди, же сокку берилиши каалаган пикир, рай жана чечимдерди адамдарга бере турган кылууга аракет кылынат. Алардан бардык абройлуу аксакалдарды тарта

турган жана аларды хизб пикирлерине амал кылууга үндөй турган бир жихазды түзүүгө аракет кылынат.

Тогузунчудан: Адамдар алдында урмат-сыйга жетишкен жигиттер, эгер кадыр болушса, маърузалар жана чыгуулар кылууга аракет кылышат. Калеми курч жигиттер газета-журналдарга макалалар жазууга кызыктырылат. О.э. эгер колунан келсе, хизб пикирлеринин айрымдарынын наамы астында китептер жазып, басып чыгарууга жана каалагандай услубда таркатууга шыктандырылат.